Ал эми Түрк дүйнөсүнүн муниципалитеттер бирлигинин (TDBB) колдоосу менен Жайлоодогу өнүктүрүү борборлорунун 12 адамдар турган эң жигердүү тарбиячылары жана уюштуруучулары кийинки 2023-жылдын башталышында тажрыйба алмашуу жана Түркиянын мектепке чейинки билим берүү системасы менен таанышуу үчүн бир жумалык жумушчу визит менен Стамбул шаарына барат



2022-жылы долбоордун командасы чакыруу боюнча 2 ири конференцияга катышты жана «Жайлоодогу өнүктүрүү борборлору» долбоорун презентациялады. «Постпандемиянын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн миграцияны пайдалануу. Калыбына келтирүү: мүмкүнчүлүктөр жана көйгөйлөр» темасына миграция боюнча эл аралык диалогго (Женева, Швейцария) жана «Борбордук Азия регионундагы элдердин салттуу руханий-адептик дөөлөттөрүнүн негизинде мектепке чейинки окуучуларды тарбиялоо» темасы боюнча ECCE-РЕГИОН Эл аралык илимий-практикалык конференцияга (Өзбекстан) катышты.

## #ВАЖНО:

- Мектепке чейинки билим берүү маселелеринин, анын ичинде чек арада коңшулар менен тынч жашоо маселелеринин, бири-бирине карата сабырдуу мамиле кылуу жөндөмдөрүнүн маанилүүлүгү жөнүндө маалымдалган жарандардын, ата-энелердин жана жергиликтүү коомдоштуктардын мүчөлөрүнүн саны көбөйдү.
- Балдар мектепке чейинки билим берүү менен камтылды.
- Чоң кишилер менен балдар жашоо-тиричиликтин жөндөмдөрүн, ошондой эле республиканын экологиясын сактоо боюнча жөндөмдөрдү алды.
- Балдарда ковидден кийинки стрессти жоюу үчүн музыка боюнча мастер-класстар өткөрүлдү. Өткөн жылы балдар бакчаларына музыкалык аспаптардын комплекттери тапшырылды.
- Балдардын дүйнө таануусун кеңейтүү үчүн робот техникасы боюнча мастер-класстар, планетарийде сабактар өткөрүлдү.
- Балдардын билиминин деңгээлин жана сапатын жогорулатуу үчүн, ошондой эле Жайлоодогу өнүктүрүү борборлорунун тарбиячыларын жана уюштуруучуларын стимулдаштыруу үчүн жыл сайын эл аралык алмашуу визити уюштурулуп турат.

2014-жылдан тартып 2022-жылга чейинки мезгил үчүн долбоордун иши боюнча статистика

| | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Открыто Центров | 35 | 87 | 117 | 98 | 102 | 114 | 5 | 30 | 95 |
| Охват детей | 800 | 2200 | 3100 | 3054 | 3087 | 3407 | 105 | 820 | 2700 |
| Охват родителей | 560 | 870 | 960 | 1140 | 1180 | 1260 | 32 | 91 | 980 |
| Охват учителей | 42 | 92 | 130 | 122 | 143 | 291 | 5 | 35 | 105 |

# Ата-энелер үчүн «Бешке чейин үлгүр» тиркемеси

2022-жылы «Роза Отунбаеванын демилгеси» фонду ата-энелер үчүн «Бешке чейин үлгүр» тиркемесин адаптациялоо жана ишке киргизүү боюнча эл аралык долбоорго катышты.




Тиркемени жүктөө үчүн QR-кодду сканерле.

Ата-энелер үчүн «Бешке чейин үлгүр» тиркемеси австралиялык "Миндеру" Фонду жана Сидней университетинин Мээ жана акыл эс борбору тарабынан иштелип чыккан. Бул 0дөн 5 жашка чейинки балдары бар ата-энелер үчүн балдарды эрте өнүктүрүү боюнча кеңештер.

Бардык кеңештер төмөнкүдөй беш тармакка бөлүнгөн: Оюндар, Дени сак үй, Мээни өнүктүрүү, Эмоционалдык байланыш, Коомдоштук.

Тиркеменин мазмуну Сидней университетинин Мээ жана акыл эс борбору тарабынан иштелип чыккан, ал дүйнөдөгү мыкты университеттердин катарына кирет жана соңку илимий изилдөөлөргө негизделген. Мазмуну толугу менен Кыргызстандын маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен адаптацияланган жана ата-энелер үчүн көп сандаган пайдалуу маалыматтарды камтыйт.

Бараны өнүктүрүү жөнүндө маалымат кыскача кеңештердин формасына ээ жана бала менен бирге аткарууга боло турган аракеттин/сабактын мисалы менен толукталган. Мисалы:

## ИЧКИ СААТТАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Өзүңдүн биологиялык саатыңды туура иштегенге кантип жөндөө керектигин бил.

## ЭМНЕ ҮЧҮН

Биздин ар бирибиздин мээбизде жана денебизде сааттар бар, алар биздин органдарыбызга качан жана эмне кылуу керектигин кабарлап турат. Биздин ички биологиялык саатыбыз биз качан ойго же уктап жатканыбызды, биздин булчуңдарыбыз качан иштеп жатканын же калыбына келип жатканын, биздин ашказаныбыз качан тамакты сиңирип же качан ачка экенин контролдоп турат. Демейки саат сыяктуу эле, биологиялык саат бузулушу мүмкүн! Биздин биологиялык саатыбыздын иштешине биздин көзүбүзгө жарык тийген убакыт же биздин кыймыл-аракетибиз активдүү болгон убакыт жана биз уктоого камданып жаткан жана ойгонгон убакыт таасир этет. Биздин биологиялык саатыбыз жөнүндө камкордук көрүү бизди дени сак жана бактылуу кылат.

## САБАКТАР:

*1-сабактын мисалы:* Сиздин балаңыз бир эле убакытта уктап жана ойгонушу үчүн болгон күчүңүз менен аракет кылыңыз. Эртең менен балага сыртка чыгууну жана колу-бутун керишин сунуш кылыңыз!

*2-сабактын мисалы:* Эртең мененки күндүн жарыгы биздин биологиялык саатыбызды жөнгө салат. Эртең менен жөө басуу балдарга эртең мененки күндүн жарыгынан пайда алууга жардам берет.

Түнкүсүн жарык мүмкүн болушунча аз болушуна аракет кылыңыз!

*3-сабактын мисалы:* Наристе балдарга (6 айдан тартып) биологиялык саатты жөнгө салууга жардам берүү керек! Кечки процедуралар (мисалы, киринүү убактысы) аларга уктоо үчүн убакыт жеткенин түшүнүүгө жардам берет.




#Бешке чейин үлгүр

- Тиркеме кыргыз жана орус тилдеринде иштелип чыккан.
- Тиркемени андроид платформасындагы телефондор үчүн Google play market же iphon үчүн QR код боюнча жүктөп алууга болот.

Долбоорду даярдоонун жүрүшүндө 2022-жылдын майында Кыргызстанда Мелисса Теодон жана Натаниэл Фодон турган Миндеру фондунун өкүлдөрүнүн тобу болду, алар Телеком ААКнын, Москва райондагы "Бакыт" балдар бакчаларынын, Ысык-Көл областындагы Чырпыкты, Баетово айылдарынын балдар бакчаларынын, Көлмө жаңы конушундагы Наристе балдар бакчасынын ата-энелери менен бир катар жолугушууларды өткөрдү.
Иш сапарлардын жүрүшүндө ата-энелердин каалоолору угулду, бул балдарды тарбиялоодо маанилүү – балдарды тарбиялоодо кандай дөөлөттөр артыкчылыктуу, ата-эне келечекте балдары ким болушун каалайт, ата-энелер өз балдарын кандай тарбиялап жатат ж.б.
Тиркеменин мазмуну орус жана кыргыз тилдерине которулуп жана редакциялангандан кийин котормолор долбоордун эксперттери менен макулдашылды.
Долбоордун эксперттери төмөнкүлөр болду:

- Догдуркуль Шаршеевна Кендирбаева – билим берүү боюнча эксперт,
- Айна Бапаевна Жетибаева – КР ССМнын эне жана бала боюнча эксперти,
- Аэлита Ураловна Агайдарова – эрте өнүктүрүү боюнча эксперт,
- Сапаргуль Абдинабиева - медиа-эксперт.

Долбоордун командасы:

- Асель Джакыпбекова – долбоордун координатору жана орус тилине котормочу,
- Салтанат Адылбек кызы – PR адис,
- Данияр Ашимов – кыргыз тилине котормочу.

Ата-энелер үчүн семинарларга жана тиркемени тестирлөөгө жигердүү катышкан балдар бакчаларына өзүнчө ыраазычылык билдиргибиз келет.

Балдардын эмоцияларынын темасын өзүнчө белгилөөгө болот. 5-6 жашка чейинки курактагы бала өзүнүн эмоцияларын башкара албайт, ал буга үйрөнүп жаткан гана учуру. Ошондуктан наристе ээ-жаа бербей ачууланганда, муну ата-энесинин жинине тийиш үчүн эмес жана кыялынын жамандыгынан эмес, өзүнүн эмоцияларына ээ боло албагандыктан жасайт. Катуу эмоциялар – коркуу, ачуулануу, ашкере ачуулануу баланы ушунчалык ээлеп алгандыктан, ал буларга ээ боло албай калат.
Ошондуктан ата-эненин милдети наристе тигил же бул кырдаалда өзүн кандай сезип жатканын жана ал кандай аталаарын түшүндүрүү. Мисалы, мен көрүп турам, сен ачууланып жатасың же азыр сен кейип турасың.
Тиркемеде ар бир баланын өзүнчөлүгүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Өзүнчөлүгүн өнүктүрүүгө баланын үй-бүлөсү жашап жаткан чөлкөм жөнүндө, үй-бүлөнүн, коомдоштуктун тарыхы жана бул жерде жашап өткөн белгилүү адамдар же бул чөлкөмдө болуп өткөн окуялар жөнүндө айтып берүү жардам берет.
Бул балага чоңойгондо өзүнүн жеринин тарыхын жана бул жерде жашаган белгилүү инсандар жөнүндө жакшы билип гана тим болбостон, ошондой эле бул жерге, бул жерде жашап өткөн жана жашап жаткан адамдарга өзүнүн тиешеси бар экенин сезүүгө жардам берет. Буга ошондой эле баланын коомдоштуктун турмушуна катышуусу – Нооруз, Айт жана Курман Айт сыяктуу жана башка майрамдарга катышуу көмөктөшөт.

Ата-энелер коомдоштугу тиркемени жигердүү жүктөп алууда жана ата-энелер үчүн «Бешке чейин үлгүр» тиркемеси ата-энелерге өздөрүнүн балдарынын балалыгын дагы мыкты жана бактылуу кылууга мүмкүндүк берет!




# «АтаМЕНен» долбоору

## Баланы өнүктүрүүгө эркектердин катышуусун кеңейтүү

Долбоордун максаты – балдарды тарбиялоого эркектердин тартылышынын деңгээлин жогорулатуу, үй-бүлөдө ата-энелердин милдеттерин бирдей бөлүштүрүү, аталардын жоопкерчиликтүү болушу жана гендердик теңчиликтин көз карашынан алганда аялдарга жана балдарга карата зомбулукту четтетүү.

Долбоор Нарын областында ишке ашырылып жатат:
Ат-Башы районундагы Ак Муз АА жана Казыбек АА;
Нарын районундагы Учкун АА жана Миң-Булак АА.
Долбоордун максаттуу топтору:
Жалпысынан 4 коомдоштуктан 2600 адам, анын ичинде:

- 19 жашка чейинки курактагы 2400 бала – булар наристелер, балдар жана өспүрүмдөр;
- 100 айым – булар кенже курактагы балдарды өнүктүрүүгө эркектердин алда канча активдүү катышуусунан жана үйдөгү милдеттерди адилеттүү бөлүштүрүүдөн пайда ала турган айымдар.
- 100 эркек – булар маалыматтык кампанияларга, иш-чараларга катышып жана кенже курактагы балдарды өнүктүрүүдө өз жөндөмдөрүн өркүндөтө турган эркектер.

Жакындагы изилдөөлөр үй-бүлөлүк милдеттерди аялдардын жана эркектердин ортосунда бөлүштүрүүдө туруктуу, өзгөрүлбөс теңсиздик бар экенин көрсөтүп турат. Гендердик теңчилик кенже курактa балдарды начар өнүктүрүүнүн маанилүү өзөктүү себептеринин бири болуп саналат. Аялдар балдарды тарбиялоо, анын ичинде аларды алаксытуу жана физиологиялык жактан колдоо үчүн жоопкерчилик тартат.
Кыргызстанда кыз-келиндердин укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана гендердик бөгөттөрдү жоюуга багытталган көп сандаган долбоорлор жана программалар ишке ашырылды жана ишке ашырылып жатат. Бирок көпчүлүк программаларда аялдардын гана потенциалын жогорулатуу боюнча жигердүү иш жүргүзүлүп жатат, ал эми эркектер жагындагы иш көп учурда көңүл буруусуз калат.
Ушул көйгөйлөргө жооп иретинде бул демилгеде позитивдүү практикаларды/позитивдүү девиацияларды (ПД) аныктоонун жана даңазалоонун инновациялык ыкмасы сунуш кылынат. Аталар өз балдарынын өнүгүшүнө терең жана узак мөөнөттүү таасир этет. Бул контекстте долбоор буларды болжолдойт: эгерде эркектер менен аялдарга өздөрүнүн балдарын толук өнүктүрүү (тамак-аш, ден соолук, гигиена, оюндар жана баарлашуу) жөнүндө маалымат берилсе, үй-бүлөлөрдө балдарды тарбиялоодо эркектер менен аялдардын милдеттери бирдей болсо жана жергиликтүү бийлик органдары өздөрүнүн жергиликтүү өнүктүрүү пландарына (ПСЭР) коомдоштуктун деңгээлинде кенже курактагы балдарды өнүктүрүүнү колдогон, гендердик жактан балансташкан аракеттерди киргизсе, анда натыйжада үй чарбаларында жана коомдоштуктарда балдарды өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл болгон шарттар түзүлөт жана өлкөдө балдарды өнүктүрүүнүн көрсөткүчтөрү жакшырат.



#АтаМЕНен

Долбоор максаттуу коомдоштуктар тарабынан өтө жылуу кабыл алынды. Бардык айылдык аймактардын тургундары, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү долбоордун иш-чараларына жигердүү катышууда. Азыркы учурда жумушчу топтор өнүктүрүүнүн жергиликтүү пландары иштелип чыккан, алар айылдык аймактын социалдык саясатында үй-бүлөлүк баалуулуктарды чыңдоону, позитивдүү гендердик практиканы жайылтууну, кенже куракгагы балдарды өнүктүрүүгө аталардын катышуусун жогорулатууну камтыйт. 2023-жылы балдарды өнүктүрүүгө, позитивдүү гендердик практикаларды алга илгерилетүүгө багытталган жергиликтүү демилгелер колдоого алынат. Долбоордун кийинки этабында позитивдүү девианттардын практикасын даңазалоого, балдарды тарбиялоодо аталардын ролун жогорулатууга багытталган конкурстар, массалык иш-чаралар каралган. Ошону менен бирге позитивдүү девиант тажрыйбасын даңазалоо максатында китепти чыгаруу пландаштырылууда.




## #ЖАСАЛДЫ:

1 айылдык аймакта ПСЭРди иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтор түзүлгөн.
Нарын шаарында социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын (ПСЭРди) иштеп чыгуу боюнча 4 айылдык аймактагы жумушчу топто үчүн көрсөтмө берүүчү тренинг өткөрүлдү. Тренингге областтык жана райондук администрациялардын өкүлдөрү, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, жергиликтүү лидерлер, коомдук уюмдардын өкүлдөрү катышты.
4 айылдык аймакта социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу учурунда калктын гендердик жана социалдык муктаждыктарын баалоо темасына тренинг өткөрүлдү.
Маалыматтык кампаниянын алкагында 2 видеоролик, брошюралар, ТВда жана радиодо 3 интервью, газеталарда жана онлайн ресурстарда макалалар чыгарылды.
Позитивдүү девианттарды (чемпион аталарды) аныктоо боюнча изилдөө жүргүзүлдү, анын натыйжасында 20га жакын позитивдүү девиант айкындалды.

Видеороликти көрүү үчүн QR-кодду сканерле




# «Илимдеи кыздар» долбоору

Долбоор 2020-жылдын июнунан тартып 2022-жылдын декабрына чейин Бишкекте, Ошто жана Чүй областында ишке ашырылды.



Долбоордун максаты – кыздарды STEM-билим берүүгө тартууга жана аларды патриоттук тарбиялоого багытталган натыйжалуу билим берүү системасын түзүү.

**01** СТЕМ компонент жагынан билим берүү саясатын, ошондой эле КР билим берүү кызматкерлеринин ПК программаларын изилдөө жана талдоо, алардын СТЕМ предметтери боюнча сапаттуу негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүгө жеткиликтүүлүктү алга

**1. КРнын негизги мектептеги жана мектептен тышкаркы кошумча билим берүүсүндө СТЕМ билим берүүнүн идеяларын жана компоненттерин пайдалануунун деңгээли изилденди.**

- Төмөнкүлөр талдоонун предметтери болуп калды: КРда билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы (БӨС)-2020; БӨСны ишке ашыруу боюнча КР Өкмөтүнүн аракеттер планы-2040; БӨС долбоору-2040; Мектептеги билим берүүнүн мамлекеттик стандарты (ГОС); Мектептеги билим берүүнүн Базистик окуу планы (БОП); Предметтик стандарттар жана окуу программалары (Табигый илимий, Математика,Технология); Мектептен тышкаркы кошумча билим берүүдөгү СТЕМ билим берүү.

**2. Тегерек стол өткөрүлдү, резолюция кабыл алынды жана Министрлер Кабинетине, КР БжИМге, РИПКиППР, КБАга тиешелүү сунуштамалар берилди.**

- КР БжИМге билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясына, билим берүү стандарттарына жана окуу пландарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштамалар берилди.
- РИПКиППРнын Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу республикалык институтуна, КР КБАга окуу программаларына СТЕМ компонентин киргизүү боюнча сунуштамалар иштелип чыкты.
- КРӨ токтому менен 2021/2040-жылдары билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы жана 2021-2040-жылдардагы мезгилге Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча 2021-2023-жылдарга аракеттер планы бекитилди.

**3. БӨС-2040 долбоорун жеткире иштеп чыгуу процессинде биз киргизген жана эске алынган сунуштар:**

- СТЕМ билим берүүнүн идеяларын жана компоненттерин киргизүү
- СТЕМ (СТЕАМ) билим берүүнүн идеяларын эсепке алуу
- Мектептеги билим берүүнүн жаңы мамлекеттик стандарты (ГОС) иштелип чыкты
- Мектептеги билим берүүнүн жаңы базистик окуу планы (БОП)
- Жаңы предметтик стандарттар
- Окуу-методикалык комплекстин (ОМК) жаңы мууну
- СТЕМ компонентин окуу программаларына киргизүү боюнча сунуштамалар иштелип чыкты жана КР БжИМден, КБАдан, РИПКиППРден буйруктар алынды.




#Илимдеги кыздар

## 02 Эмгек рыногун, рыноктун муктаждыктарын, бизнес-чөйрөнү жана айымдар ишкерлигинин негизги катышуучуларын талдоо, өнөктөштүк мамилелерди түзүү.

СТЕМ жагынан жумуш орундарын түзүү боюнча мамлекеттик саясаттын бар же жоктугу иликтенди, өлкөдөгү учурдагы кырдаалды салыштырма талдоо жасалды.

- СТЕМ боюнча кесипке даярдаган СТЕМ жагынан кадрларды даярдоо системасы иликтенди.

КРнын СТЕМ тармактарын өнүктүрүүнүн келечегинде КР КР БӨС иликтенди.

- Эмгек рыногу иликтенди: ири уюмдардын маалыматтары (өнөр жайлык, өндүрүштүк, тоо-кен, гидроэнергетикалык ж.б.).
- Бизнес-чөйрөнүн, айымдар ишкерлигинин негизги катышуучуларынын маалымат базасы түзүлдү.

## 03 STEM предметтерине басым жасоо менен Бишкек, Ош шаарларынын жана Чүй областынын мектептеринен бүтүрүүчү класстардын 400 окуучу кызыр ЖРТга даярдоо.

2020-2021 жана 2022-2023-окуу жылдарында «Илимдеги кыздар» долбоорун ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй натыйжаларга жетишилди:

- ЖРТга даярдыктан өткөндөрдүн бардыгы – 444
- Ар кандай себептерден улам тапшырбай калгандар – 35
- Тапшырган 409 адамдын ичинен бардык 409у ЖОЖдорго, алардын ичинен 12си чет өлкөлүк ЖОЖдорго кирди
- STEM адистиктерге киргендер – 270
- Гуманитардык багытта тапшыргандар – 139









#Илимдеги кыздар

## 04 150 насаатчы айымды жана 2600 шакирт кызды тартуу менен насаатчылык программасы.

Кыздарга STEM жагынан реалдуу турмуштук тажрыйба алууга жардам берген насаатчылык программасынын алкагында бизнесте, илимде жана техникада ийгиликтерге жетишкен 217 ментор айым Бишкек жана Ош шаарларындагы 2772 кыз үчүн насаатчы болуп калды.



**«Директорлордун консультациялык жолугушуусу»**
2022-жылдын 23-24-мартында "Аврора" санаторийинде «Илимдеги кыздар» долбоорунун пилоттук мектептеринин директорлору менен жолугушуу болуп өттү.
Иш-чара натыйжаларды жана алынган сабактарды эске алуу менен СТЕМ компоненти бар мектеп пландарын иштеп чыгуу максатында уюштурулду.

**«Жазгы STEM мектеби»**
2022-жылдын 14-апрелинде И.Раззаков атындагы КМТУда жазгы STEM мектебинин ачылышы болуп өттү. Быйылкы жылы жазгы мектеп «Илимдеги кыздар» долбооруна катышкан кыздар үчүн өткөрүлдү. ЖРТга даярдоонун үч айлык курсунан өткөн окуучу кыздар И.Раззаков атындагы КМТУнун алдыңкы окутуучуларынан техникалык багытта мансапты пландаштыруу боюнча консультация алды.





**«STEM боюнча чемпионат »**
2022-жылдын 20-апрелинде ОшМУнун чоң залында Ош шаарынын жана Кара-Суу районунун мектептеринин «Илимдеги кыздар» долбооруна катышкан окуучу кыздарынын арасында «STEM боюнча чемпионат» өттү.
Иш-чарага Ош шаарынан 16 мектептин жана Кара-Суу районунан 4 мектептин окуучу кыздары катышты.




**«Экинчи фазанын менторлорунун жыйынтык жолугушуусу»**
2022-жылдын 23-апрелинде «Супара» этнокомплексинде «Илимдеги кыздар» долбоорунун ментордук программасынын экинчи этабынын аякташына арналган иш-чара болуп өттү.

**«STEM фестивалы»**
14-17 жаштагы кыздарды илимге, техникага, технологияларга жана көркөм өнөргө тартуу, ошондой эле өспүрүм кыздардын арасында STEM билим берүүнү даңазалоо жана насаатчылык тажрыйбасын алмашуу максатында 27-апрелден тартып 29-апрелге чейин Ош мамлекеттик университетинин базасында «STEM фестивалы» уюштурулду.

**«Үчүнчү фазадагы менторлордун жыйынтык жолугушуусу»**
2022-жылдын 26-ноябрында "Дасмия" этно-комплексинде долбоордун үчүнчү фазасынын менторлору үчүн жыйынтык иш-чара болуп өттү, ага Ош жана Бишкек шаарларынан менторлор, менти кыздар, пилоттук мектептердин директорлору, эксперттер, өнөктөр жана ЖМКлар катышты. Ошондой эле иш-чарага «Илимдеги кыздар» долбоорунун Ыктыярдуу эрк элчиси Асель Сартбаева катышты. Иш-чаранын алкагында «Мыкты STEM мектеп» конкурсунун жыйынтыктары чыгарылды жана конкурстун жеңүүчүлөрү менен катышуучуларына белектер тапшырылды.

**"СТЕМ лагерь"**
2022-жылдын 31-майынан 4-июнуна чейин ОшМУда ментилер үчүн СТЕМ лагерь өткөрүлдү.
2022-жылдын 31-октябрынан тартып 4-ноябрына чейин ОшМУнун СТЕМ колледжинин базасында менти кыздардын катышуусу менен СТЕМ лагерь уюштурулду. Анын ишине 100гө жакын менти кыз катышты, алар СТЕМ багыттар жөнүндө жакшы, терең биле алды. Кыздар үчүн төмөнкүдөй багыттар боюнча сабактар өткөрүлдү:
- Графикалык дизайн
- WEB-иштеп чыгуу
- Talking club\Moving club
- Биология жана химия боюнча практикалык сабактар
- Кол өнөрчүлүк боюнча мастер-класстар

## Маалыматтык коштоо

Видеоролик
4 даярдалды

"Эч кандай чек жок"

«Ментор жана менти»

"Туура ташты танда. Сезим"

«Менин компасым»

Долбоордун бардык видеоматериалдары

Долбоордун бетинде @stem_kr инстаграмда 500 пост жарыяланды
.

Долбоордун бетинде Фейсбукта 711 пост жарыяланды.

Бардыгы болуп ЖМКдагы 78 макала :

Басылма- 49
ТВ - 35
Радио - 14






# «Конушумда таза Аба» долбоору

Долбоордун максаты – Бишкек шаарынын турак жай конуштарында жашап жаткан ички мигранттардын абанын булганышын четтетүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө маалымдар болушун алар үчүн тренингдерди өткөрүү жана алардын потенциалын арттыруу аркылуу жогорулатуу.

Долбоор Бишкек шаарынын 44 турак жай конушун жана Чүй областынын Аламүдүн районунун 2 турак жай конушун камтыды.




«Конушумда таза аба» долбоору экологиянын маанилүүлүгү жана атмосфералык абанын булганышына каршы күрөшүүнүн методдору жөнүндө Бишкек шаарынын турак жай конуштарында жашаган жарандардын маалымдар болушун арттыруу аркылуу Бишкек шаарында атмосфералык абанын булганышын төмөндөтүүгө багытталган. Жылытуу сезонунда Бишкек атмосфералык абанын булганышы боюнча дүйнөлүк рейтингде биринчи орундарды ээлейт, мындан тышкары, республика боюнча респиратордук ооруга чалдыккандардын саны өтө көп болгон калктуу конуш болуп саналат. Бишкек шаарында абанын булганышынын негизги себептери болуп төмөнкүлөр саналат: автотранспорттон чыккан газдар, жеке сектордо үйлөрдү таш көмүр менен жылытуу, тигүүнүн жана турмуш-тиричиликтин калдыктарын, ыпыр-сыпырларды өрттөө, ошондой эле шаардагы таштандылардын түтөп турушу.

Абанын жана курчап турган чөйрөнүн булганышынын көйгөйлөрүнүн алгачкы себептерин чечүү катарында тургундардын маалымдар болушун жогорулатуу жана бул аркылуу адамдардын курчап турган чөйрөгө мамилесине таасир этүү зарыл. Бул үчүн долбоордун катышуучулары үчүн төмөнкүдөй темаларга тренингдер иштелип чыккан: «Коомдун турмушунда экологиянын ролу жана мааниси», «Экологиялуу багбанчылык жана органикалык дыйканчылык», «Турмуш-тиричиликтин калдыктарын кыскартуунун жолдору жана реалдуу шарттарда жашоо-тиричиликтин коопсуздугу», «Компосттук аңды даярдоо боюнча мастер-класс» жана «Долбоорлорду жазуу боюнча окутуу».

Бул тренингдер катышуучулардын жынысына карабастан бардыгына пайдалуу, бирок гендердик балансты камсыз кылуу максатында биз катышуучулардын 50%ына 50% деген катышка умтулдук.



#Конушумда таза Аба



## #МААНИЛҮҮ:

Долбоор аяктагандан кийин долбоордун катышуучулары таштандыларды туура сорттоого, компосттук үңкүрдү курууга, көчөттөрдү туура тандоого, отургузууга жана багууга үйрөндү, ошондой эле долбоорлорду жазуу боюнча курстан өттү.
Бишкек шаарынын 46 турак жай конушунун ичинен 25 турак жай конушунун тургундагы эко-долбоорлорду жазды, алардын ичинен 4 долбоор МЭУ тарабынан жактырылды.
Бул долбоорлор келечекте Миграция боюнча эл аралык уюм тарабынан финансыланат.

Долбоор төмөнкүдөй эки этапта жүзөгө ашырылды:

Биринчи этап Бишкек шаарынын турак жай конуштарындагы көрсөтмө берүүчү тренингдердин билдирди, анда долбоордун максаттары жана милдеттери, абанын булганышынын көйгөйлөрүнүн актуалдуулугу баяндалды, ошондой эле экинчи этап үчүн топтор түзүлдү.
Биринчи этапта долбоорго 1123 адам катышты.

Экинчи этап – Инновациялык борбордун имаратында төмөнкүдөй темалар боюнча тренингдерди өткөрүү: «Коомдун турмушунда экологиянын ролу жана мааниси», «Экологиялуу багбанчылык жана органикалык дыйканчылык», «Турмуш-тиричиликтин калдыктарын кыскартуунун жолдору жана реалдуу шарттарда жашоо-тиричиликтин коопсуздугу», «Компосттук үңкүрдү даярдоо боюнча мастер-класс» жана «Долбоорлорду жазуу боюнча окутуу».
Экинчи этапта долбоор 495 адамды камтыды.






#ООН ЖН

# «Гендердик аспекттерди жана тамактануунун өзгөчөлүктөрүн эске алган климаттын өзгөрүшүнө карата адаптациялоо боюнча бирге иштелип чыккан чараларды алга илгерилетүү» долбоору

Долбоордун максаты – гендердик-трансформациялык практикаларды иштеп чыгууга жана алга илгерилетүүгө, кырсыктардын тобокелдигин төмөндөтүү жана климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо жана инновациялык ыкмаларды колдонуу аркылуу азык-түлүктүн коопсуздугу боюнча климатка туруктуу, ыраатту, гендердик сезимтал жергиликтүү пландарды иштеп чыгууда кыз-келиндердин жана жаштардын ролун жогорулатууга көмөктөшүү.

- Нарын областы (Жерге-Тал, Эмгек Талаа, Байзак АА)
- Ош областы (Араван р-ну: Алия-Анаров жана Чек-Абад АА, Ноокат р-ну: Кулатов жанаГулистан АА)
- Баткен областы (Ак-Турпак, Кулунду, Орозбеков жанаСамаркандек АА).

Долбоорду ишке ашыруу мезгилинин ичинде Нарын жана Ош областарынын пилоттук райондорунда тездетилген консультациялар, ошондой эле Бишкек шаарынын «Шератон» отелинде Баткен областынын пилоттук райондорунун бенефициарларына бир тездетилген консультация өткөрүлдү.
Тездетилген консультацияларга бардыгы болуп 800дөн ашык адам – пилоттук райондордун тургундары жана чечим кабыл алуучу 150 адам катышты.

Сессиянын форматы «тездетилген консультациялар» (speed dating) – бул көп сандаган катышуучулардын катышуусу менен диалогду кыска мөөнөттө өткөрүүгө мүмкүндүк берген иш-чара. Бул үчүн катышуучулар 7 топко бөлүндү.
Тармактык мамлекеттик органдардын өкүлдөрү топтон топко которулду, ал жерде катышуучулар жумушчу процесстин аралыгында өз пикирин айта алды. Диалогду ар бир топ үчүн башкы модератордон жана фасилитаторлордон турган долбоордун командасы жүргүздү. Чакан топтордо иштөөнүн ушул интерактивдүү форматы чечим кабыл алуучу адамдар бардыгын кунт коюп уга алышы үчүн убакытты жана мейкиндикти натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк берди.
Бул диалогдо соңку 5 жылда климаттын өзгөрүшүнүн эркектердин, аялдардын, жаштардын, улгайган адамдардын, ДМЧАлардын, калктын жакыр катмарларынын жашоо-тиричилигине таасиринин маселесин талкуулашты. Мисалы, жайыттарды пайдалануу, таш көмүрдү казып алуу, электр энергиясын пайдалануу, үйлөрдү жылытуу, ичүүчү суу.



**Баткендик айымдар үчүн реабилитациялоо лагери.**

126 баткендик айым үчүн 4 күндүк тренинг 2022-жылдын 31-октябрынан тартып 4-ноябрына чейин «Ысык-Көл-Аврора» санаторийинде өттү, ал жерде дизайн ойлонуу боюнча тренингдер, арт-терапевтикалык, психотерапевтикалык жана поэзия-терапевтикалык иш-чаралар уюштурулду. Айымдар онколог-гинеколог, гинеколог, маммолог, врач-эндокринолог сыяктуу жогорку квалификациялуу врачтарда медициналык текшерүүдөн өттү. Ошондой эле 4 күндүк тренингдин учурунда КР Коопсуздук кеңешинин катчысынын орун басары З.К. Надырбеков Баткендин чек арага жакын айылдарынын айымдары менен жолугушуу өткөрдү жана алардын көптөгөн суроолоруна жооп берди.

Баткендин 126 айымы Бишкекте өлкөнүн биринчи айымы Айгүл Жапарова менен жолугушту.



**«Өлкөнүн тынчтыгы, биримдиги жана өнүгүшү үчүн коомду консолидациялоо»**

30-октябрдан тартып 3-ноябрга чейин Баткен областынын чек арага жакын айылдарынан 130 лидер аял иш-чаралардын жана мастер-класстардын сериясына катышты, аларда айымдар регионду андан ары калыбына келтирүү үчүн жол картасын иштеп чыкты.

Иш-чаранын биринчи күнүндө катышуучулар Коопсуздук кеңешинин катчысы Марат Иманкулов, Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов, эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министри Кудайберген Базарбаев, билим берүү жана илим министри Уланбек Мамбетакунов менен, ошондой эле БУУнун КРдагы системасынын туруктуу координатору Антье Граве жана «БУУ-айымдар» түзүмүнүн региондук директору Алия Эль-Ясир менен жолугушту.

Жолугушуунун темасы «Өлкөнүн тынчтыгы, биримдиги жана өнүгүшү үчүн коомду консолидациялоо». Иш-чарага Баткен областынын Самаркандек, Кулунду, Ак-Сай, Капчыгай, Орозбеков жана Ак-Турпак айылдарынан 126 айым катышты.

2022-жылдын 28-ноябрынан тартып 1-декабрына чейин «Ысык-Көл-Аврора» санаторийинде 11 айылдык аймакты **социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жергиликтүү пландарын иштеп чыгуу боюнча семинар** өттү, алар климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо, жаратылыш кырсыктарынын тобокелдиктерин башкаруу жана азык-түлүк коопсуздугу боюнча чараларды камтыды.

Иш-чарага 80 адам, анын ичинде 33 аял, 47 эркек, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын, коомдук уюмдардын өкүлдөрү, эксперттер жана активисттер катышты.

Натыйжада пилоттук райондордун 9 Адаптациялык Планы жана АП бөлүмү бар социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн бир Планы иштелип чыкты.



# «3 жаштан кийин кеч» демилгеси

2019-жылдан тартып Фонддун «3 жаштан кийин кеч» барагында инстаграм, фейсбук, телеграм социалдык тармактарында ата-энелер балдарды өнүктүрүү жөнүндө маалыматты дайыма алып турат.

Дээрлик 50 000 ата-эне психологдорго, педиатрларга, педагогдорго күн сайын суроо берип жана түз эфирлердин учурунда адистерден жоопторду ала алат.

Балдарды эрте өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө ата-энелердин маалымдар болушун арттыруу максатында баракта конкурстар, флешмобдор, марафондор дайыма өткөрүлүп турат.

Баракта маалыматтык, таанып-билүү мүнөзүндөгү 530дан ашык пост жарыяланды, ошондой эле 3 конкурс (долбоордун мыкты аталышына конкурс, барактын активдүү пайдалануучуларынын конкурсу, «Бешке чейин үлгүр» тиркемесин жүктөгөндөрдүн арасындагы конкурс) уюштурулду.




## Жазылууну унутпаңыз!




# «Санарип 50+» долбоору

Долбоордун максаты – санариптик ресурстарды башкаруу боюнча кыргызстандыктардын билимдерин жана жөндөмдөрүн калыптандырууга көмөктөшүү.

Долбоордун алкагында катышуучулар төмөнкүдөй темалар боюнча курстардан өттү:

- смартфондун функциялары,
- смартфон аркылуу маалыматты издөө,
- социалдык тармактар аркылуу баарлашуу,
- расмий кат алышууну жүргүзүү үчүн электрондук почтаны пайдалануу,
- накталай эмес операциялар үчүн электрондук капчыкты жана финансылык санариптик инструменттердин негиздерин пайдалануу,
- гугл инструменттерин пайдалануу,
- дүйнөлүк тармактагы коопсуздук,
- интернеттик чексиз мейкиндикте өзүнүн жеке маалыматтарын коргоо,
- финансылык чөйрөдөгү кибер коопсуздук боюнча кеңештер.




Биз маалыматтык технологиялар дооруна кирген учурдан тартып маалыматтык-коммуникациялык технологиялар (МКТ) биздин турмушубузда маанилүү роль ойной баштады. Тез өзгөрүп жаткан дүйнөнүн ылдамдыгынан артта калбоо үчүн адамдар аларды үзгүлтүксүз ишке пайдалануу үчүн жаңы технологиялардагы билимдерге жана жөндөмдөргө ээ болууга тийиш. Бирок бардык эле адамдар мындай билимдерди алуу үчүн жеткиликтүүлүккө жана ресурстарга ээ эмес.

Кыргызстанда жаш муун баарлашуу, окуу жана иштөө үчүн интернетти жана мобилдүү технологияларды ийгиликтүү пайдаланат. Бирок МКТ жана мобилдүү технологиялар жөнүндө билим жетишпеген адамдардын айрым тобу бар. Алардын көпчүлүгү – булар 50 жаштан өткөн курактагы адамдар.

Ошондой эле пандемия өзгөчө кырдаалдарда жана күндөлүк турмушта МКТны билүү канчалык зарыл болушу мүмкүн экенин көрсөттү. Көпчүлүк мугалимдер жана ата-энелер МКТнын эң жөнөкөй негиздерин билбегендиктен улам мектеп окуучуларын, студенттерди окутууда кыйынчылыктарды башынан өткөрдү.

Адамдардын турмушунда МКТ таралышы менен интернет тармагынын мейкиндигинде алдамчылыктын саны көбөйдү, ошонун өзү менен кибер коопсуздук, интернет алдамчылар жөнүндө, жеке маалыматтарды коргоонун жана интернет тармагында аракеттенүү эрежелеринин эң жөнөкөй методдору жөнүндө калктын маалымдар болушун арттыруу зарылчылыгы өстү.

Жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүү үчүн «50+ адамдар үчүн мобилдүү технологиялар» долбоору иштелип чыккан. Бул долбоор МКТны пайдаланууга инновациялык ыкмалардын эсебинен тобокелдиктерди азайтууга багытталган. Долбоордун катышуучулары маалыматка алда канча жеңил жана ачык жеткиликтүүлүктү алуу, социалдык тармактарды кеңейтүү, күндөлүк финансылык маселелерди чечүү, коммуникация жана чакан бизнести жүргүзүү процесстерин оптималдаштыруу менен байланышкан ишти жеңилдетүү үчүн мобилдүү банкингдин маалыматтык технологияларын жана продуктуларын пайдаланууга окутулду.




# «Кыргыз Республикасында аксакалдар сотторунун ишин баалоо» долбоору

Долбоордун максаты – аксакалдар сотторунун ишин жана учурдагы абалын, алар иштерди кароосунун практикасын, өлкөнүн улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеринде негизги акторлор менен өз ара аракеттенүүсүн баалоо.

Фонд Кыргыз Республикасындагы аксакалдар соттору изилдөөнү жүргүзөт, ал талаштарды чечүүнүн жана калкка сот адилеттигинин жеткиликтүү кызмат көрсөтүүлөрүн берүүнүн мамлекеттик эмес механизми катары аксакалдар сотторунун ишине арналган. Изилдөө аксакалдар сотторунун ишин жана учурдагы абалын, алар иштерди кароосунун практикасын, өлкөнүн улуттук жана жергиликтүү деңгээлдеринде негизги акторлор менен өз ара аракеттенүүсүн баалоого багытталган. Изилдөөдө аксакалдар сотторунун портретин, алардын ишинин айрым мыйзам ченемдүүлүктөрүн, институттун актуалдуулугун, натыйжалуулугун, туруктуулугун, башка коомдук органдар жана ачык институттар менен кызматташуусун, бүгүнкү күнгө карата гендердик сезимталдыгын сүрөттө аракети көрүлөт.

Изилдөөнүн актуалдуулугу буларда турду: биринчиден, аксакалдар сотторунун учурдагы абалын жана сот адилеттигинин сапатын жакшыртууга салым кошууга алардын кудуретин баалоо, анткени бул үчүн талаштарды чечүү, анын ичинде мамлекеттик сот системасынан тышкары чечүү үчүн жарандар пайдаланып жаткан акторлордун жана механизмдердин ар түрдүүлүгүн түшүнүү зарыл, экинчиден, калктын муктаждыктарына мамиле кылууга, аялдардын, балдардын жана калктын башка аялуу топторунун кызыкчылыктарын эске алууга аксакалдар сотторунун кудуретине көңүл буруу. Акырында, азыркы учур үчүн изилдөөнүн эң зор маанилүүлүгү аксакалдар сотторунун мыйзамдык негиздерин жакшыртуу, уюштуруу иш-чараларын жүргүзүү жана аксакалдар сотторунун гендердик сезимталдыгын жогорулатуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгууда турду.

Изилдөөнүн натыйжалары КРда аксакалдар сотторунун институтун андан ары чыңдоо, ошондой эле гендердик сезимтал сот адилеттигине жетишүүдө алардын ишин жакшыртуу боюнча келечектеги интервенциялар үчүн сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн пайдаланылат.

Изилдөө 369 респондентти камтыды, алардын ичинен эркектер - 203 (55%), аялдар - 166 (45%). Изилдөө өлкөнүн 11 коомдоштугунда (7 региондо жана республикалык маанидеги Бишкек жана Ош шаарларында) жүргүзүлдү, аларда 14 аксакалдар соттору изилденди.

«Кыргыз Республикасында аксакалдар сотторунун ишин баалоо» деген ушул изилдөөнү «Роза Отунбаеванын демилгеси» эл аралык коомдук фондунун эксперттер тобу East-West Management Institute (EWMI) коммерциялык эмес уюму ишке ашырып жаткан USAID'дин "Укук булагы" долбоорунун алкагында жүргүздү.

USAID'дин "Укук булагы" долбоору сот адилеттик органдарынын ишинин ачыктыгын арттыруу, адамдарга багытталган гендердик сезимтал сот адилеттигин алга илгерилетүү жана коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү аркылуу сот адилеттигине жарандардын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүгө көмөктөшөт. Адамдарга багытталган гендердик сезимтал сот адилеттиги мамлекеттик башкарууда жаңы ыкма болуп саналат жана системалык укуктук көйгөйлөрдү жана жарандардын муктаждыктарын мыкты түшүнүү жана аларга аракет кылуу үчүн иш жүзүндөгү маалыматтарга таянат.




# Китеп чыгаруу

Фонддо түзүлгөн салт боюнча биз төмөнкүдөй бир нече сериядагы китептерди чыгаруу жагынан иштеп жатабыз:

- Өмүрү өрнөк адамдар
- Балдар үчүн адабият
- Ата-энелер үчүн балдарды тарбиялоо боюнча колдонмо.

Фонд чыгарган бардык китептер бүгүнкү күн үчүн актуалдуу болуп саналат. 2022-жылы иш кыргыз тилинде «Өмүрү өрнөк адамдар» сериясындагы, ошондой эле мектепке чейинки жана кенже мектеп курактагы балдар жана өспүрүмдөр үчүн «Азыркы көркөм өнөр – балдарга» сериясындагы китептерди чыгарууга багытталды.

Бул долбоорду ишке ашыруунун алкагында Фонд өмүрү өрнөк адамдардын сериясындагы китептерди которуу жана басып чыгаруу программасын демилгеледи. Мындай китептерди жарыялоо Кыргызстандын азыркы коомунда өтө актуалдуу, анткени бул китептер айрым инсандын өмүрү жөнүндө гана эмес, ошондой эле бул инсандардын өмүрүн жана ишин сүрөттөө аркылуу тарыхый келечектеги реформалар, коомдук кыймылдар жөнүндө билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул китептер кыргыз тилдүү окурмандын түшүнүгүн кеңейтип гана тим болбостон, ошондой эле дүйнө тануусун калыптандырууга жардам берет, коңшу өлкөлөрдөгү, региондогу жана дүйнөдөгү саясий жана экономикалык процесстер жөнүндө толук түшүнүк берет.

Фонддун башкы максаты өз алдынча билим алууга жана алынган билимдерди практикада колдонууга, өзүн көрсөтүүгө жүйөлөрдү стимулдаштырууга, ар тараптуу, анын ичинде чыгармачылык жөндөмдөрдү өз алдынча ишке ашырууга, түшүнүктүү кеңейтүүгө жана жаштарды тарбиялоого көбүрөөк көңүл бурууга умтулган адамдардын санын көбөйтүү болуп саналат.

Китеп чыгаруу аркылуу мектепке чейинки жана кенже мектеп курагындагы балдарды камтууну арттыруу, китеп окуган улутту калыптандыруу жана көркөм өнөр жагынан балдар үчүн китептердин санын көбөйтүү, көркөм өнөр боюнча балдар үчүн китептерди даңазалоо.






2022-жылы бул серияда чыгарылган китептердин бири болуп ФРГнын экс-канцлери Вилли Брандттын «Демократиялык Социализм, Макалалар жана сүйлөгөн сөздөр» деген китеби саналат. ФРГнын экс-канцлери Вилли Брандттын «Демократиялык Социализм, Макалалар жана сүйлөгөн сөздөр» деген китебин чыгаруу долбоорунун максаты кыргыз парламентарийлерин, саясатка кызыккан жаштарды социалдык демократиянын баалуулуктары менен жана эл аралык жумушчу кыймылынын улуу ишмерлеринин бири, Социалисттик интернационалдын мурдагы президенти, СДПГнын ардактуу төрагасы, Нобель тынчтык сыйлыгынын лауреаты В. Брандттын макалалары жана сүйлөгөн сөздөру менен кыргыз тилинде тааныштыруу болуп саналат.







2022-жылы «Балдар адабияты» сериясында чыгарылган китеп болуп немец тилинде чыгарылган «Манас» Кыргыздардын баатырдык эпосу (Манас сүрөттө)" китеби саналат (түзгөн Б.Жакиев). Бул китепти чыгаруунун максаты кыргыз элинин улуу чыгармасы болуп саналган «Манас» эпосу менен дүйнөнүн ар кандай тилдеринде таанышуу мүмкүнчүлүгүн берүү болуп саналат.

Ошондой эле бул серияда кыргыз жана орус тилдеринде «Кытай бүгүнкү күндө» деген китеп чыгарылды. Бул китеп табышмактуу өлкө боюнча кызыктуу саякатка чыгууга жана императордук сарайлардын алтын чатырларынын сырын, «бир мүйүз» деген кытайлык компаниялар эмнеси менен белгилүү экенин, эң татаал кытай иероглифинин мааниси кандай экенин жана эмне үчүн Кытайдын азыркы көркөм өнөрү дүйнөдө эң белгилүү экенин, ошондой эле бүгүнкү күндө биз пайдаланып жаткан улуу ойлоп табуулар жөнүндө билүүгө мүмкүндүк берет. Китеп өлкөнүн жана дүйнө элдеринин тарыхына кызыккандарга арналган.

## #СЫЙЛЫКТАР:




Фонд чыгарган «Манас» Кыргыздардын баатырдык эпосу китеби (кыргыз, орус, немец тилдеринде) «Китеп өнөрү» деген эл аралык конкурста Гран-при алды.
Конкурска Кыргызстандан, Азербайжандан, Армениядан, Беларустан, Казакстандан, Россиядан, Тажикстандан, Өзбекстандан 77 басылма катышты. Конкурстун 19 жылдык тарыхында Кыргызстан «Гран-при» номинациясында 1 миллион рубль утуп алды.




**ФОНДДУН БАРДЫК КИТЕПТЕРИН САТЫП АЛУУГА БОЛОТ**

Бишкек шаарынын китеп дүкөндөрүнө
же төмөнкү телефонго чалып Фонддун
офисинен

0555004240

# «Роза Отунбаеванын демилгеси» эл аралык коомдук фондунун иши жөнүндө кең-кесири маалымат

https://roza.kg

Чүй пр. 106, Бишкек ш.,
Кыргыз Республикасы

https://roza.kg
office@roza.kg

+996 (312) 660368
+996 (312) 660382

10 ЛЕТ
ИНИЦИАТИВА
РОЗЫ ОТУНБАЕВОЙ
www.roza.kg

*Созидание – для народа Кыргызстана*

# 20 ANNUAL REPORT 22





106 Chuy Ave., Bishkek,
Kyrgyz Republic

https://roza.kg
office@roza.kg

+996 (312) 660368
+996 (312) 660382

10 ЛЕТ
ИНИЦИАТИВА
РОЗЫ ОТУНБАЕВОЙ

*Созидание – для народа Кыргызстана*



**In 2022 we celebrated an important date - the tenth anniversary of the Roza Otunbaeva Initiative International Public Foundation.**

Roza Otunbaeva

Founder of the Foundation

On the one hand, this time has passed like a moment, on the other hand, a lot has been done during this time. This decade has been a period of important achievements, the implementation of more than 100 large and small projects and initiatives of public, social and cultural significance, impacting tens of thousands of people in our country.



Each of the Foundation's projects is a step towards our dream of a prosperous country with strong human potential, rich cultural diversity and a sustainable environment. The Foundation's activities are supported by international organizations and development institutions, commercial organizations, individuals and legal entities.

Dogdurgiul Kendirbaeva

Executive Director of the Foundation

**Ten years is only the beginning.**
**We are just at the beginning of our journey and we are ready for new achievements.**

**www.roza.kg**



#Development Centres on Jailoo

# Development Centers on Jailoo

The project's goal is to create favorable conditions for the development of children of livestock breeders in remote mountainous regions of the Kyrgyz Republic.

Development Centres on Jailoo represent yurts where facilities are provided for children's development and parental education in the summertime.
This project is an excellent alternative to kindergartens, the shortage of which is particularly high in the regions of the country.
All children attend the Development Centres on Jailoo free of charge.
Various activities are carried out in addition to the work of the educator:

- Reading and language development workshops.
- Workshops to develop children's fine motor skills.
- Theater performances for children.
- Lecture classes for children.
- Traditional and sports educational games.
- Interactive classes for children.
- Lectures and trainings for parents and educators of the center.
- Involvement of experienced educators.
- Exchange of experience between regions.
- And much more.

